**УДК 82.0+316.77 (045)(575.2)**
**DOI 10.53473/16946324_2024_3/1**

**Токтогулова Айгуль Токтогуловна,**
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети,
**Токтогулова Айгуль Токтогуловна,**
Международный университет Кыргызской Республики,
Старший преподаватель, toktogulova-92@mail.ru
**Toktogulova Aigul,**
International University of the Kyrgyz Republic,
Senior teacher, toktogulova-92@mail.ru

# БАСМА СӨЗДӨ ПУБЛИЦИСТИКАНЫН БЕРИЛИШИ

# ПРЕДСТАВЛЕНИЕ ПУБЛИЦИСТИКИ В ПЕЧАТИ

# PRESENTATION OF JOURNALISM IN PRINT

***Аннотациясы:*** *Бул макалада басма сөздө публицистиканын ролу жана өзгөчөлүктөрү каралат. Публицистика журналистиканын жанры катары коомдук маанилүү маселелерди чагылдырууга, коомдук пикирди иштеп чыгууга жана колдоого багытталган аналитикалык жана сын материалдарды камтыйт. Басма өз кезегинде публицистикалык материалдарды калыптандырууда жана жайылтууда негизги ролду ойнойт.*
***Негизги сөздөр:*** *публицистика, басма сөз, гезит, жанрдык өзгөчөлүктөр*

***Аннотация:*** *В данной статии рассматривается роль и особенности представления публицистики в печатных изданиях. Публицистика, как жанр журналистики, включает в себя аналитические и критические материалы, направленные на освещение общественно значимых проблем, выработку и поддержку общественного мнения. Печать, в свою очередь, играет ключевую роль в формировании и распространении публицистических материалов.*
**Ключевые слова:** публицистика, пресса, газета, жанровые особенности

***Abstract:*** *This article examines the role and features of the presentation of journalism in print media. Journalism, as a genre of journalism, includes analytical and critical materials aimed at highlighting socially significant issues, developing and supporting public opinion. The press, in turn, plays a key role in the formation and dissemination of journalistic materials.*
***Keywords:*** *journalism, press, newspaper, genre features*

Бүгүнкү күндө “Кыргыз Туусу” газетасы кыргыз басылмаларынын ичинен эң көлөмдүү өкмөттүк гезит болуп саналат, алар коомдогу ар кыл мааламаттарды, мамлекеттик токтомдорду, буйруктарды, саясий окуяларды, социалдык көйгөйлөрдү жана экономикалык жаңылыктарды берип келишет. Аталган басылма 90 жылдык тарыхы бар гезит болуп саналат.

1924-жыл кыргыз эли үчүн кубанычтуу күн болгон, анткени “Эркин Тоо” газетасынын 7-ноябрда Ташкентте жарыкка чыккан алгачкы гезити жарык көргөн.

1924-жылдын 30-декабрында кыргыз өкмөтү Ташкендиден Пишпекке көчүп келди. Ошондой эле, “Эркин Тоонун” редакциясы өзүнө бекитилген типографиясы менен Пишпекке келишин кыргыз жергеси салтанаттуу тосуп алышты. Өз убагында «Эркин Тоо» мугалимдер үчүн окуу куралы да болуп берди. 1924-жылга чейин кыргыз элинин эне тилинде бир дагы газета,

журнал болгон эмес. Бул кыргыз элинин маданий өнүгүү жагынан бир топ эле кылымдарга артта калгандыгынын күбөсү. Айылда кат тааныгандар өтө сейрек. Бирок сабатсыздыгын жоюуга умтулгандар да аз эмес, күндүз керели-кечке жумуш, түндөсү билик чырак менен мектепке чогулуп сабатсыздыкты жоймой. Бүткүл Россиялык каттоонун маалыматы боюнча 1920-жылы кыргыздарды 95.4% жазганды жана окуганды билген эмес. Ал эми аялдардын арасынды кат тааныгандардын саны 0.8% гана түзөт. Мына ошондуктан, алгачкы айларды «Эркин Тоо» газетасынын тиражы 1000 гана нуска болуп такай жазуучулардын саны 150 кишиге жеткен. Демек, республиканын калкынын негизги газета окуй албагандыгына байланыштуу. “Эркин Тоо” Совет бийлигин органдары чыгарган мыйзамдары жана декреттер менен өз убагында тааныша алган эмес. Мындай зарылдыктан улам тоолуу аймакта сабатсыздыкты жоюу жөнүндө маселе өтө курч коюлуп, аны аткаруу үчүн газетанын ролу чоң. Коллективизация жана класстык күрөш убагында «Эркин-Тоо» газетасы жаштарды тарбиялоодо билим алууга үгүтөгөн. Газета алгач чыккандан баштап Совет өкмөтүнүн декреттер жарыяланып турган. Бирок, бул окуя жөнүндө кабар бир жарым айга кечигип, 1925-жылы 16-февралда жарыяланган[1]Ташкенден көчүп келип, Пишпекке жайгашууга бир канча убакыт кеткен эле. Кыргыздын эне тилинде гезиттин чыгышы зор саясий жана маданий жетишкендик болгон. Кыргыз тилинде туңгуч гезитинин биринчи санын Улуу Октябрь революциясынын 7-жылдыгын майрамдоого карата чыгаруу чечилген.

«Эркин Тоону» гезити кат-сабатсыздыкты жоюуга ал чоң окуу куралы катары колдонулду. Газеталардын тармагын кеңейтүү, таасирдүүлүгүн арттыруу боюнча бир катар маанилүү чечимдер кабыл алынды.

1926-жылы 7-ноябрда “Ленинчил жаш” газетасынын биринчи саны жарык көрдү. Кыргыз тилинде экинчи газета түзүлдү. “Газета колдон колго өтүп окулган миңдеген жаштардын көзүн ачкан китеп болду.

1927-жылы 29-августта “Эркин Тоо” “Кызыл Кыргызстан” болуп өзгөрүлгөн.

“Кызыл Кыргызстан” гезити эмгекчилердин каттарын текшерүүгө, аларды көрсөтүлгөн мамлекеттик жана чарба органдарынын кемчиликтерди оңдоого айрыкча көнүл бурулган.

Кыргызстандын басма сөзүнүн жанрларынын байышы, коомдук турмуштун окуяларын кеңири көрсөтүүгө турмушка сунгуп кирүүгө коомдук пикирге оң таасир тийгизүүдө массада коммунисттик эмгекчилердин жана социализмдин куруунун зор милдеттерин ишке ашыруу үчүн эмгекчилерди активдүү мобилизациялоого мүмкүнчүлүк берди. Биринчи беш жылдыктын жылдарында партиянын Борбордук Комитети басма сөз маселелери боюнча бир катар токтомдору кабыл алынды. 1930-жылы 11-ноябрда Газеталык кызматкердин кадрлары жөнүндө токтом кабыл алган. Борбордук Комитети бул токтомдору республикалык, областтардын, жаш партиялык советтик басма сөзүнүн ишин жакшыртуу, социалисттик курулушка анын ролун жогорулатуу, басма сөздү чындоо үчүн айрыкча чоң мааниге ээ болду. Кыргыз тилиндеги газеталардын тармагы биринчи беш жылдарында 13 эсе көбөйгөн. 1935-жылы Кыргыз АССР Советтерининин IV съезди кыргыз адабий тилининин калыптанышында чоң ийгиликтерге жетишпегиндигин, кыргыз тилинин орфографиясы түзүлгөндүгүн социалдык-экономикалык терминологиялык түзүлгөндүгүн белгилеген [2].

1928-жылдын аягында Кыргызстанда жалпы тиражы 51 миң нуска болгон алты гезит чыгып турду. Алардын ичинен кыргыз тилинде чыккандардын тиражы да өскөн. “Эркин Тоо” массалык дыйкандардын газети деп атоого болот, себеби дегенде калктын басымдуу көпчүлүгүн дыйкандар түзүп, улуттук жумушчулар али түзүлө элек болчу.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында “Кызыл Кыргызстан” гезети маалымат менен камсыз кылып турган. Анын милдети согуштун жүрүшү жөнүндө оперативдүү билдирүүлөрдү берүү гана эмес,фашисттик пропоганданын бетин ачуу болгон. Согуштун үчүнчү күнүнөн тартып согуштун жүрүшү жөнүндөгү билдирүүлөр бериле баштады.

«Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия», областтык газеталардын беттеринде ал

мезгилинде айыл чарбанын алдыңкалардын жөнүндө көп кызыктуу материалдар жарыяланды. Ошентип, “Кызыл Кыргызстан” гезитининин республиканын айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү эмгеги чоң жана баа жеткис. Анткени, гезиттин ошол айыл чарба адистерине, эмгек азаматтарына илимий жактан, дыйканчылык жактан билим берип, мал чарбасынын өстүрүүдө ролу зор экендигин билүүбүз абзел.

«Кызыл Кыргызстан» «Советская Киргизия» жана «Ленинчил жаш» газеталардын беттеринде жүргүзүлгөн талкуулар айрым жазуучулардын чыгармаларында олуттуу кемчиликтердин орун алгандыгын көрсөттү. Буга «Кызыл Кыргызстан 1950-жылы 31- март К.Маликовдун поэзиясын талкуунун жыйынтыгы деген макала мүнөздүү. Макалада К.Маликовдун чыгармаларында улутчулдук калдыктарында орун алгандыгы, анын фольклордук традициялардын, ыкмалардын жана формалардын туткунунда калгандыгы, бул болсо чындыкты чагылдыруу мүмкүнчүлүгүнүн тарыткандыгы, көркөм чыгарманын идеялык мазмунун жакырланышы, көркөмдүк деңгээлине төмөндөшүнө алып келгендиги көрсөтүлгөн. 1924-жылдан 1927-жылга чейин “Эркин Тоо”, 1927-жылдан 1956-жылга чейин “Кызыл Кыргызстан”, 1956-жылдан 1991-жылга чейин “Советтик Кыргызстан”, 1991 жылдын 16-февралынан 27-августка чейин аталышта жарык көрүп келет. “Эркин Тоонун” алгачкы сандарынан баштап, бүгүнкү “Кыргыз Туусуна” чейин барактап көргөн окурман гезит бетинин Кыргызстанда кайсы жылы эмне окуя болгондугун, колхоздоштуруу, индистрияларштуруу, мезгилинен баштап, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында, бүгүнкү күнгө чейин кайсы мезгилде кандай социалдык–экономикалык, маданий өзгөрүүлөр жүргөндүгүн, эл башынан эмнелер өткөндүгүн толук биле алат. Анын баардыгы гезит беттериндеги материалдар аргументтер, фактылар менен кашкайып жазылып турат. Болгону мезгил, гезиттин жасалгасы, жазуу стили, жанры ж.б. айырмаланбаса, “Кыргыз Туусу” элдин үнүн бийликке жеткирип, терс көрүнүштөрдү сындап, ийгиликтерди даңазалап, эл менен бийликтин ортосунда көпүрөлүк милдетин аткарып келе жаткандыгы чындык. Азыркы коомдо массалык маалымат каражаттары ар бир адамдын турмушуна тийгизген таасири жагынан улам олуттуу орунду ээлеп келүүдө. ММК жалпы дүйнө коомчулугунда, анын ичинде Кыргызстанда, саясий-экономикалык жана социалдык процесстерге активдүү катышуу менен ага болгон мамилени калыптандырууда чечүүчү ролду да ойноп жатканын айтууга болот. Маалымат каражаттарынын калыптанып, өсүп-өнүгүшү дүйнөлүк тенденция менен мүнөздөлгөн көрүнүш боло албайт. Ал ар бир мамлекеттеги жагдай, коомдук абал, элдин же улуттун калыптанышына карата түзүлгөн шарттарга жараша да болот. СССРдин таралышы менен өлкөбүздүн эгемендүү мамлекет болушу кыргыз элинин тарыхынын бир катар маселелери бүгүнкү күндүн талыбына ылайык өз баасын алуусуна мүмкүнчүлүк түзүлдү. Совет доорунда Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө айрым кемчиликтер орун алгандыгын, бүгүнкү күндө белгилүү болуп олтурат, Кыргызстан демократиялуу жолду тандап алды. Сөз эркиндиги берилип, басма сөздө плюрализмге жол берилип келет, мурда басма сөз бир жактуу болуп келсе, же өкмөт үчүн гана иштеп келген болсо, эми эркин жеке менчик басылмалар жаралып ар кандай тармактар ар кандай багытта иштеп жатышат. Өкмөттүк жана эркин гезеталар айрым бир көрүнүштөрдүн тегерегинде бири- бирине кайчы пикирде. Мезгилдүү басылмаларды тарыхый булактарды изилдөөдө орду чоң. Коомдук пикирди гезит жаратуучулар коомдук турмуштун окуяларын ар түрдүү партиялардын жана саясатчылардын, ошону менен Ата Мекендик жана Эл аралык коомдук турмуштун жаатындагы коомдук мамилелерди гезиттер чагыдырат. Массалык маалымат каражаттарынын ичинен өзүнүн милдетин толук аткарган гезиттердин бири “Кыргыз Туусу” болуп эсептелинет. Кыргызстандагы мезгилдүү басылмалардын көпчүлүгү мамлекеттик тилде жана расмий тилде жарыкка чыгып турган. Кыргызстандын тарыхын изилдөө мезгилдүү басма сөз тарыхый булак болуп берет, коомдук пикирди жаратып жана мамлекеттин саясат колдоп алар менен кызматташып, колдоо көрсөтүп кээ бир учурларда тескерисинче карама-каршылыктуу мамиледе болуп келишүүдө. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы мезгилдүү басылмаларда

даярдалган материалдардын кемчиликтери да бар, алар бир жактуу маалымат берүү жана адамдын кадыр баркын каралоо (шек) келтирүү дагы бир көйгөй журналисттердин жетиштүү билимге ээ эместиги мындай учурлар көбүнчө жеке менчик басылмалар менен аткаминерлердин ортосунда болууда. Журналисттерге кысым басма сөз эркиндигине доо кетип жыйынтыгында соттошууга чейин барышууда. Ошондуктан басылмалардын кызматкерлери ишенимдүү жана калыс маалымат берүүсү зарыл. Эркиндик алгандан кийин эң биринчи кезекте мурда тыюу салынган темаларды ачууга кызыгуу күч алды. Саясаттагы, тарыхтагы, экономикадагы, адабияттагы жабык темалар ачылып, жарыкка чыкты. Плюрализмге жол берилди. Мезгилдүү басылмалардын демократиялык коомго кошкон салымы өзчөгө, анткени гезиттер коомдун күзгүсү болуп саналат. Мезгилдүү басма сөз журналисттер үчүн тепкичтердин алгачкы этабы. Ошондуктан бул жерде журналисттин кесиптик билими, тажрыйбасы чоң роль ойнойт. Учурда Кыргыз мамлекетинде социалдык-экономикалык, саясий кырдаал өзгөрүлүп турган мезгилде басылмалардын мааниси абдан зор. Албетте, чыгармачылык деген жеке адамга тийиштүү көрүнүш, ар кимдин таланты, дарамети, интеллектуалдык көрөңгөсү ар түрдүү. Ошого жараша алар жараткан материалдардын сапаты дагы ар кандай болгон. Публицистика кыргыз журналистикасында орду бекемделген мезгилден тарта азыркыга чейин өтө актуалдуу деп эсептелген маселелерди көтөрө билип, жөн гана көтөрбөстөн калктын калың катмарынын ой пикирин жарата алгандыгы менен баалуу. Саясий публицистикага бир мисал келтирип кетсек. Кыргызстан 2015-жылы август айында курамына Орусия, Казакстан, Беларусь жана Армения кирген Евразиялык экономикалык биримдикке мүчө болуп кирген. Анын астында биримдиктин аймагындагы товарларды техникалык жөнгө салуунун тартибине өтүү үчүн Кыргызстан үчүн эки жылдык өткөөл абал киргизилген. Ал эми “Кыргыз Туусу” –2014-жылдын 20-июну – № 46 (23835) санына жарыяланган публицистикалык аналитика да жазылган. Ушул жана башка реформалардын маани-максаттары менен окурмандарды тааныштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика министри Сариев Темир Аргембаевич, “Кыргыз Туусу” гезитине жалпы улуттук дүң продукциянын экономикасына саясий публицистикалык мүнөздөмө берген.

Маселен 2014-жылдын январь-май айларында ички дүң продуктунун көлөмү (ИДП) 120,8 млрд сомго чыгып, өткөн жылга салыштырмалуу 4,3%гаөстү. Кумтөр кенинин ишканаларын эске албаганда, реалдуу ИДПнын өсүүсү 104,1 %га жетти, ал эми ИДП дефлятору 103,7% деңгээлинде. Экономикалык өсүш бардык тармактарда камсыз кылынды. Маселен, өнөр-жай продукциялары 54, 5 млрд. сомго өндүрүлүп, 2013-жылга караганда өндүрүш 7,1% өскөн. Ал эми айыл чарбасында акыркы 5 айда дүң продукциялар 39,6 млрд. сомго өндүрүлүп, 1,4%га көбөйгөн. Республикадагы бардык чарба субьектилери тарабынан 136,7 миң тонна эт өндүрүлүп, өткөн жылга караганда 1,3 %га өсүш болгон. Мындан тышкары, 496,1 миң тонна сүт (2,4%га арбын), 181,4 млн.жумуртка (8,2 млн.го көп) өндүрүлгөн. Өлкөдө курулуш да күч алып, былтыркыга караганда 21,2 % өсүш катталды. Кызмат көрсөтүүдө өсүү адымы 102,2 %га жетти. Анын ИДП өндүрүшүнүн түзүмүндөгү салыштырма салмагы 52,8% ды түзөт.

Бирок инфляцияны мүнөздөгөн керектөөчү баалардын индекси 105,4% түздү. Кымбатчылык, баалардын өсүшү тамак-аш продуктуларына, суусундуктарга – 8,7% га, алькоголдук ичимдиктер менен тамекилерге – 5,6%, кызматтар-1,6%га, нан азыктары 4,6%га, жашылча- жемиштер 35,6% га кант – 9,3% га жетти. Бул ундун, күйүүчү майлардын кымбатташына, валюталардын курстук өйдө-ылдыйына жана айрым сезондук факторлорго да байланыштуу болуп калды. Ошентип баалардын жогорулоосу бүтүн республика боюнча жүрдү. Ошентсе да, тышкы соода жүгүртүү өлкөдө 2млрд. 141млн. долларды түзүп, өсүш 0,9%га барабар болду. Экспорт 468 млн долларга чыгып, өткөн жылдагыдан 13,8%га жакшырды. Ал эми импорт 2, 2% га азайды. Евразиялык экономикалык союз тууралуу келишим, чындыгында 1200 бетке жакын. Бирок бул интеграциянын кийинки этабы, алгач, Бажы Биримдигине жана Евразиялык Экономикалык Мейкиндикке кошулуу керек. Ошондо инвесторлор үчүн

Кыргызстандан тыш, 175 млн. калкы бар абдан чоң рынок ачылат. Өлкөбүздүн ББга кирүү боюнча Жол картасы өзүбүздө макулдашылып, мамлекеттер аралык деңгээлде бекитилген. Жол картасы – бул Кыргызстандын ББга кошулуу боюнча аракетинин алгоритми. Туура алдыда мыйзамдарды Бажы биримдигинин макулдашууларына шайкеш келтирүү, инфратүзүмдүк кайра өзгөртүүлөр, өткөрүү пункттарын жана лабораторияларды модернизациялоо, аларды жабдуулар менен камсыз кылуу. Бажы биримдигине мүчө-мамлекеттердин ортосунда кирүүчү бажы алымдарынын суммасын эсептөө жана бөлүштүрүү механизмин иштеп чыгуу жана башка иш-чаралар бар. Жол картасынын аткаруунун жыйынтыгы боюнча Кыргызстандын Бажы биримдигине кошулуусу тууралуу Келишими иштелип чыгып, биздин бул уюмга кирчү мөөнөтүбүз аныкталат. Биз буга кечикпей киргенге үлгүрүшүбүз керек. Юридикалык талаптар үчүн жаңы автопродукциялардын бажы тарифи 10%, кошумча нарк салыгы (КНС)- 12%, жекече тараптар үчүн алып келүүдө бирдиктүү салык жана бажы төлөмдөрүн кошуп эсептөө боюнча сетка колдонулат. Бажыдан өткөрүү наркы автомашинанын кыймылдаткычынын чыгарылган жылына, көлөмүнө жана күйүү түрүнө байланыштуу болот. Иш жүзүндө эски автомашиналарды алып келүү пайдалуу болбой калат. ББга кирүү алдында биз автомашиналарды алып келүүдө преференция сурайбыз. Мындай учурда автомашиналар бизде салыштырмалуу кымбаттайт, алар белгилүү мөөнөттө жеңилдетилген коюмдар менен бажыдан өтөт. Бирок, эгерде бизден автомашиналар ББ өлкөлөрүнө кайра сатылса, ББнын тартиби боюнча, бажы алымын жогору төлөшү керек. Алыскы чет өлкөдөн импорттолуучу товарлардын баалары кымбатташы мүмкүн (турмуш тиричилик техникалары, тигүүчү буюмдар, оргтехникалар жана башка товарлар). Ошону менен бирге, Бажы биримдигинин өлкөлөрүнөн импорттолуучу товарлардын баалары бизге ыңгайлуу болот. А биз ББ өлкөлөрүнөн негизки тамак-аш продуктыларын алып келебиз: ун, буудай, кант, өсүмдүк майы, маргарин, гречка, таруу, жумуртка, ар-түрдүү консерваланган продуктылар, кондитердик азыктар, балык жана эл керектөөчү товарлар ж.б.

Бажы биримдиги – бул тараптардын соода-экономикалык интеграциянын формасы. Анда экономикалык мүнөздөгү чектөөлөр жана бажы төлөмдөрү колдонулбайт. ББда бирдиктүү бажы тарифтери жана башка үчүнчү өлкөлөр менен сооданы жөнгө салуу чаралары кабыл алынат жана үчүнчү өлкөдөн товарлар эркин чыгарылышын, өздөрүнүн өндүрүшү үчүн эле эмес, бирдиктүү бажы территориясынын товарларынын да эркин кыймылын көздөйт. Евразиялык экономикалык союзда (ЕАЭС) болсо мурдагы баскычтардан айырмаланып, төрт эркиндик: товарлардын кыймылы, кызмат көрсөтүү , капитал жана жумушчу күчү боюнча макулдашылган саясаттын элементтери кошулат. Бирок макулдашуу баардык учурда мамлекеттин эгемендигине таасир этпейт. ББга киргенден кийин Кыргызстанда инвестициянын олуттуу өсүшү байкалып, ири долбоорлор ишке кире баштайт. Ар кандай өлкөлөрдөн келген инвесторлор үчүн төлөмсүз жана тоскоолдуктарсыз аябагандай чоң рынок ачылат. Кыргызстан көптөгөн секторлордогу өндүрүштүк бириктирүүчү ролду өзүнө алууга даяр, маселен, агро өнөр жай комплекси, текстилдик-тигүү индустриясы, иштеп чыгуу өнөр жайы, туризм, соода жана кызмат көрсөтүү секторлору ББга кирүүдөн утуш алып, атаандаштык жөндөмдүүлүктөрү артат. Натыйжада ата-мекендик тармактарда арзан жумушчу күчү, кымбат эмес электроэнергия, либералдуу салык чогултуу, республика ичинде бизнес жүргүзүү, коомдун ачыктыгы сыяктуу айкын артыкчылыктар пайда болот.

Өкмөттүк гезит деп саналган Кыргыз Туусу өзүнүн түз милдети катары Россия Федерациясынын президенти Владимир Путин жана КР мурунку президенти Алмазбек Атамбаев менен Бажы биримдигине барчу жолдо экендигин тастыкташты. Муну мамлекет башчыларынын жекече мамилеси, азыркы жылдары жакшырган эки өлкөнүн ортосундагы КМШ, ШКУ, ОДКБ ж.б эл аралык алкактагы саясый-экономикалык тыгыз байланыштар, анан калса Кыргызстандын Бажы биримдигине жана Евразия экономикалык союзуна 2015-жылдан тартып кирүү аракеттери Россия тарабынан колдоого алынып жатышы аркылуу да баалaса болот. Мурунку президен Алмазбек Атамбаев жолугушуудагы өз сөзүндө: “Бизди бул жолдо,

албетте, кыйынчылыктар да күтүп жатат. Мен мурда, эгерде биз бул ишке чечкиндүү киришсек, буюрса, ушу жылдын аягына чейин Бажы биримдигине, Евразия союзуна кирүүнү ойлоп жатканыбызды айткан элем", – деди. Владимир Путин Кыргызстандын бул шериктештикке кирүү аракеттерин колдоого алып жаткандыгын билдирди. Андыктан Россия тарап Кыргызстандын Бажы биримдигине кыйналбай кирүүсү үчүн 500 млн доллар берүүнү чечти. РФнын Тышкы иштер министри Сергей Лавровдун билдирүүсүнө караганда, бул каражаттар Кыргызстандын жаңы экономикалк союзга кошулуусунда экономикалык кесепеттерди кыйгап өтүүсү үчүн берилүүдө. Өлкө лидерлери мындан тышкары, кыргыз экономикасын жаңы интеграциялык процесстердин алкагында өнүгүүсүн ыкчамдатуунун инструменттери, биргелешкен ири долбоорлорду ишке ашыруу боюнча маселелерди макулдашты. Белгилүү болгондой эки өлкөнүн ортосундагы соода-экономикалык байланыштар 2013-жылы эле мурунку жылга салыштырмалуу 17% га өскөн, ошол эле учурда Россиянын Кыргызстандын тышкы соодасындагы катышы 27%ды түзөт. В.Путиндин белгилөөсүндө, эки өлкөнүн ортосунда көптөгөн максаттар , инвестициялык долбоорлор да бар. Мунун ичинде Камбар- Ата ГЭСи, ГЕСтердин Жогорку Нарын каскады баштаган энергетикалык ири долбоорлор артыкчылык берилген багыттар болуп саналат. Мындан тышкары, кеңири алкактагы маданий-гуманитардык, аскердик-техникалык карым-катыштар өнүгүүдө. АКШнын, Европа санкцияларынын натыйжасында, Кыргызстан Россияны айыл чарба продукциялары менен камсыздаган өлкөлөрдүн бири болуп калуусу да каралууда.[5]

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Усупов С.У. История кыргызской журналитстика учебное пособие Б.,2007
2. Ахмадулин Е.В. Основы теории журналистики.- Ростов-на-Дону, 2009.с.79
3. Кыргыз Туусу – 2014-жылдын, 14-октябрь №78 (23867)
4. Өнөктөштөрдүн жолугушуусу. Кыргыз Туусу-2014-жылдын, 15-августу №61 (23850)
5. В.П.Росляков. Советский послевоенный очерк. М.: 1956